# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*Бишкек шаары, 1996-жылдын 30-октябры N 56*

## Энергетика жөнүндө

*(КР 2008-жылдын 16-майындагы N 85, 2008-жылдын 23-майындагы N 93, 2009-жылдын 23-январындагы N 14, 2012-жылдын 18-майындагы N 60, 2012-жылдын 10-октябрындагы N 170, 2013-жылдын 24-июнундагы N 99, 2014-жылдын 19-июлундагы N 145, 2015-жылдын 14-январындагы N 10 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

Ушул Мыйзам отун-энергетикалык комплексинде чарбалык ишти уюштуруунун жана жөнгө салуунун негизги процесстерин аныктайт.

Ушул Мыйзамдын жоболорунун күчү отун-энергетикалык комплексинин бардык ишканаларына алардын менчигинин түрүнө карабастан жайылтылат.

**1-статья. Отун-энергетикалык комплекси**

Кыргыз Республикасындагы отун-энергетикалык комплекси энергетикалык тармактардан турат. Ар бир энергетикалык тармак, ошондой эле мындай тармакта жүзөгө ашырылган иш ушул Мыйзамдын жоболору жана Кыргыз Республикасынын башка мыйзам актылары жана нормативдик актылары тарабынан жөнгө салынат.

**2-статья. Ушул Мыйзамдын максаттары**

Отун энергетикалык комплексинин иш жүргүзүшүнүн экономикалык натыйжалуулугун жана ишенимдүүлүгүн жогорулатуу, керектөөчүлөрдүн жана өндүрүүчүлөрдүн таламдарын коргоо ушул Мыйзамдын максаты болуп эсептелет.

**3-статья. Терминдердин аныктамалары**

Ушул Мыйзамда төмөндө саналып өткөн терминдер төмөндөгүдөй мааниге ээ болот:

**жаңыланып туруучу энергетикалык ресурстар** - табигый түрдө пайда болгон, жаратылыш тарабынан такай жаңыланып турган жана геотермалдык, күн, суу энергияларына жана шамалдын энергиясына өтүшү мүмкүн болгон ресурстар;

**кайталанма энергетикалык ресурстар** - баштапкы энергетикалык ресурстарды кайра иштетүү учурунда алынган ресурстар, мында кайра иштетүүнүн процессинде баштапкы энергиянын бир бөлүгү жоголот;

**отун-энергетикалык комплексиндеги иш** - энергияны өндүрүү, ташуу, берүү, бөлүштүрүү, сактоо, кайра иштетүү, бир түрдөн экинчи түргө өткөрүү, трансформациялоо, энергетикалык ресурстар жана продуктылар менен соода кылуу же сатуу;

**отун-энергетикалык комплексинин тармагы** - отун-энергетикалык комплексинин курамдык бөлүгү (көмүр, мунайзат, газ, электр энергетикасы жана башкалар);

**баштапкы энергетикалык ресурстар** - отун катарында жана энергиянын башка түрлөрүн (ядролук отун, суу, күн энергиясы, шамалдын жана геотермалдык булактардын энергиясы) алуу үчүн пайдаланылышы мүмкүн болгон табигый абалдагы ресурстар (мунайзат, табигый газ, күйүүчү сланец, көмүр, чым көң);

**отун-энергетикалык комплексинин ишканалары** - отун-энергетикалык комплексинде бир же бир нече иш жүргүзгөн ишканалар, буга менчигинин түрүнө карабастан, табигый монополисттер кирет;

**иш жөнүндө макулдашуу** - Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Энергетика боюнча мамлекеттик агентство менен лицензиянын ээсинин ортосундагы лицензиянын ээсинин ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча күч аракеттердин боло турган натыйжаларын аныктаган макулдашуу;

**отун-энергетикалык комплекси** - көмүр, мунайзат, газ, отун жана энергия менен камсыз кылууда иштеген жана керектөө системаларындагы жана аймактык кичи системалардагы мамлекеттик жана мамлекеттик эмес структураларды камтыган экономиканын өз ара байланышта болгон тармактарынын жыйындысы;

**энергетикалык продуктылар** - отундун ар кандай түрлөрү, мунайзат продуктылары энергетикалык ресурстардын кандай гана болбосун түрлөрүнөн иштелип чыгуучу, электр жана жылуулук энергиясы;

**энергияны сактоо** - энергияны өндүрүүдө бир түрдөн экинчи түргө өткөрүүдө, ташууда жана керектөөдө сарамжал пайдалануу жана коромжулуктарды кыскартуу;

**энергетикалык кызмат көрсөтүүлөр** - энергия ресурстарын берүү, бөлүштүрүү, сатуу, сактоо (электр жана жылуулук энергияларын сактоодон башка) жана энергия ресурстарын ташуу;

**электр энергиясы** - параметрлерин белгиленген чектерде туруктуу, үзгүлтүксүз жана сапаттуу кармап турууну талап кылган, бир учурда чыгарылуучу жана керектелүүчү товардын өзгөчө түрү;

**энергетика чөйрөсүндөгү саясатты иштеп чыгуу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган** - Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан энергетика жаатындагы мамлекеттик саясатты иштеп чыгуу жана ишке ашыруу боюнча функцияларды жүзөгө ашырууга ыйгарым укук берилген аткаруу бийлигинин органы;

**энергетика чөйрөсүндөгү көзөмөлдөө жана контролдоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган** - Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан электр, жылуулук энергиясын жана жаратылыш газын иштеп чыгуу, берүү, бөлүштүрүү жана керектөөнүн техникалык коопсуздугун, ишенимдүүлүгүн жана үзгүлтүксүздүгүн камсыз кылуу, ошондой эле аларды пайдалануунун натыйжалуулугу чөйрөсүндө жөнгө салууну жүзөгө ашырууга ыйгарым укук берилген аткаруу бийлигинин органы;

**отун-энергетикалык комплексти жөнгө салуу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган** - Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан лицензиялоо жана электр, жылуулук энергиясына жана жаратылыш газына тарифтерди белгилөө аркылуу отун-энергетикалык комплексинин субъекттеринин ишин мамлекеттик жөнгө салууну жүзөгө ашырууга ыйгарым укук берилген аткаруу бийлигинин органы.

*(КР 2008-жылдын 23-майындагы N 93, 2013-жылдын 24-июнундагы N 99, 2014-жылдын 19-июлундагы N 145 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

### 4-статья. Баштапкы энергетикалык ресурстарга мамлекеттик менчик

Кыргыз Республикасынын аймагында жайгашкан бардык баштапкы энергетикалык ресурстар мамлекеттин гана менчиги болуп эсептелет жана аларды пайдалануу Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына ылайык лицензиялардын негизинде жүзөгө ашырылат.

*(КР 2012-жылдын 10-октябрындагы N 170 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

### 5-статья. Отун-энергетикалык комплексинин ишканаларынын менчигинин түрү жана ишинин түрү

Отун-энергетикалык комплексинин ишканалары иштин жана менчиктин ар кандай уюштуруу-укуктук түрүнө ээ болушу мүмкүн.

*(КР 2008-жылдын 16-майындагы N 85 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

### 6-статья. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн отун-энергетика комплексиндеги ыйгарым укуктары

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү энергетикалык программаны аныктайт жана ушул Мыйзамга, башка ченемдик укуктук актыларга ылайык ушул программанын ишке ашырылышын контролдоону жүзөгө ашырат, отун-энергетика комплексинин ишканаларынын өндүрүштүк жана чарбалык иштерине түздөн-түз кийлигишпейт.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн отун-энергетика комплекси чөйрөсүндөгү функциялары төмөнкүлөрдү камтыйт:

отун-энергетика комплексинде бирдиктүү мамлекеттик саясатты жүргүзүүнү;

отун-энергетика комплексинин продукцияларына жалпы баа саясатын аныктоону;

экономика негизделген жана социалдык жактан алгылыктуу баа жана тариф түзүүнүн механизмдерин белгилөөнү;

компетенциясынын чектеринде отун-энергетика комплексиндеги мамилелерди жөнгө салууга багытталган ченемдик укуктук актыларды кабыл алууну;

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн отун-энергетика комплекси чөйрөсүндө мамилелерди жөнгө салууга багытталган ченемдик укуктук актыларынын талаптагыдай аткарылышын контролдоону жүзөгө ашырууну;

суу, минералдык жана башка энергетикалык ресурстарды пайдаланууга укуктарды жана мүлктүк укуктарды берүү жана өткөрүп берүүнү;

Евразия экономикалык биргигинин келишимдик-укуктук базасында белгиленген принциптерге ылайык энергетикалык ресурстардын жалпы рыногун түзүүнү;

Евразия экономикалык биргигинин келишимдик-укуктук базасында каралган учурларда, электр энергиясын мамлекеттер аралык берүүдө көмөк көрсөтүүнү

*(КР 2013-жылдын 24-июнундагы N 99, 2015-жылдын 14-январындагы N 10 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**7-статья. Жергиликтүү мамлекеттик органдардын отун-энергетикалык комплексиндеги ыйгарым укуктары**

Жергиликтүү мамлекеттик органдар менен отун-энергетикалык комплексинин ишканаларынын өз ара мамилелери Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана башка нормативдик актыларына ылайык жүзөгө ашырылат.

**8-статья. Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар**

Энергетика чөйрөсүндөгү саясатты иштеп чыгуу, отун-энергетикалык комплексти жөнгө салуу жана энергетика чөйрөсүн көзөмөлдөө жана контролдоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар энергетикалык ишканалардан көз карандысыз иштешет жана алардын өндүрүштүк жана чарбалык иштерине түздөн-түз кийлигишпейт. Көрсөтүлгөн ыйгарым укуктуу органдардын функциялары Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.

*(КР 2014-жылдын 19-июлундагы N 145 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**9-статья. Кыргыз Республикасынын энергетика тармагындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын функциялары**

*(КР 2013-жылдын 24-июнундагы N 99 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

**10-статья. Аткаруучу кеңеш**

*(КР 2014-жылдын 19-июлундагы N 145 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

**11-статья. Кыргыз Республикасынын энергетика тармагындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органды финансылоо**

*(КР 2013-жылдын 24-июнундагы N 99 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

**12-статья. Маалымат алууга мүмкүнчүлүк**

Өзүнүн функцияларын аткарууну жана милдеттерин жүзөгө ашырууну камсыздоо максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Энергетика боюнча мамлекеттик агентство өз ыйгарым укуктарынын чегинде отун-энергетикалык комплексинин ишканаларынын бардык документтерин алууда толук мүмкүнчүлүккө ээ.

**13-статья. Улуттук энергетикалык программа**

Улуттук энергетика программасы (УЭП) Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан иштелип чыгат жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан бекитилет.

Отун-энергетикалык комплексинин ар бир тармагын өнүктүрүүнүн негизги багыттарын аныктоо УЭПтин максаттары болуп эсептелет, ага энергиянын ресурстарын сактоо жана натыйжалуу пайдалануу, отун жана энергия менен камсыздоо, энергияны сактоо системасынын натыйжалуулугун жогорулатуу, отундун экологиялык жактан таза түрлөрүн пайдалануу жана айлана-чөйрөнү сактоо, энергетика жана отун өнөр жайы жагында структуралык, инвестициялык, салыктык жана баа саясатын өткөрүү, ошондой эле илим изилдөө жумуштарын жүргүзүү кирет.

*(КР 2008-жылдын 16-майындагы N 85 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**14-статья. Жаратылышты коргоо**

Отун-энергетикалык комплексинин ишинин бардык болжолдуу түрлөрү алардын айлана-чөйрөгө тийгизген таасири жагынан алганда мамлекеттик тиешелүү орган тарабынан бааланат жана алардын оң корутундусунан кийин жүзөгө ашырылат.

**15-статья. Жерди жана кыймылсыз мүлктү пайдалануу**

Лицензиянын ээси бөлүнүп берилген жер участогунда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык мамлекеттин, административдик-аймактык бирдиктин менчигинде же башка менчикте болгон кыймылсыз мүлктү пайдалануу менен өндүрүштүк-чарбалык ишти жүргүзүүгө укуктуу.

**16-статья. Жоопкерчилик**

Лицензиянын ээси мамлекеттик стандарттын талаптарына жооп берген менчиктин чегинде жооп берет жана электр энергиясынын сапатын камсыз кылат.

Лицензиянын ээси энергетика жагында ишти жүзөгө ашырууда кыймылсыз мүлктүн ээсине же аны пайдалануучуга, энергия ресурстарынын башка керектөөчүлөрүнө, жаратылышты коргоого жана экологияга келтирген зыяндар үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартат.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү колунда жок граждандарды отун алууга компенсациялык төлөмдөр менен камсыздоо, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Энергетика боюнча агентствонун республиканын социалдык-экономикалык абалын начарлаткан чечимдери үчүн жоопкерчилик тартат.

*(КР 2008-жылдын 23-майындагы N 93, 2013-жылдын 24-июнундагы N 99 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**17-статья. Жалпы принциптер**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү отун-энергетикалык комплексине инвестициялар үчүн туруктуу жана ыңгайлуу шарттарды түзөт.

**18-статья. Отун-энергетикалык комплексиндеги өндүрүштүк ишке инвестицияларды тартуу**

Энергетикалык продуктыларды өндүрүү, ташуу, бөлүштүрүү жана жабдуу жагын өнүктүрүүгө жана анын өсүшүнө түрткү берүү үчүн ушул Мыйзамда аталган тармактардагы жеке юридикалык жактардын же болбосо жеке адамдардын ролу таанылат жана алардын ролуна жана кошкон салымына ылайык аларга мүмкүн болушунча пайдалуу шарттарды түзүү камсыз кылынат.

**19-статья. Камсыздандыруу**

Инвесторлорго алардын отун-энергетикалык комплексине тартылган инвестицияларынын чектеринде жергиликтүү жана чет өлкөлүк камсыздандыруу компанияларында инвестициялар үчүн зарыл болгон камсыздандыруунун түрлөрүн колдонууга уруксат берилет. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аларга карата эч кандай чектөөлөрдү киргизбейт, ишине кийлигишпейт, мындай камсыздандыруунун мөөнөттөрүнө жана башка шарттарына таасир көрсөтпөйт.

**20-статья. Бул Мыйзамды колдонууга киргизүү жөнүндө**

Бул Мыйзам кол коюлган күндөн тартып күчүнө кирет.

| | |
|---|---|
| **Кыргыз Республикасынын Президенти** | **А.Акаев** |
| **1996-жылдын 17-октябрында** | **Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйыны тарабынан кабыл алынган** |